**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети**
**КР УИА Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору**

Ведомстволор аралык диссертациялык кеңеш Д. 10.07.341

Кол жазма укугунда

УДК 894.341-947.1 (574.2)

**СТАНАЛИЕВА ГҮЛЗАДА МЫКТЫБЕКОВНА**

# 1916-ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШТҮН КЫРГЫЗ ПРОЗАСЫНДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Адистиги: 10.01.01. - кыргыз адабияты**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**автореферати**

**Бишкек – 2008**

Иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор **Акматалиев А.А.**

**Официалдуу оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Садыков А.**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Абакиров К.**

**Жетектөөчү мекеме:** Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы (Бишкек ш., Манас проспектиси, 27)

Диссертациялык иш 2008-жылдын «14-мартында» саат «13⁰⁰» до Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине жана КРУИАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборуна караштуу түзүлгөн филология илимдеринин доктордук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Д.10.07.341. Ведомстволор аралык Диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101.

Диссертация менен Кыргыз Улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 08. 02. 08. таркатылды

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ф. и.к., доцент Сыдыков Н.



## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз жазма адабиятынын жаралышы XX кылымдын 20-жылдарынын башына, же болбосо, 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн кандуу изи сууй элек учурга туш келген. Ошол себептүү бул тарыхый окуя кыргыз адабиятынын негизги темаларынын бири болгон. Улуттук эркиндик үчүн болгон көтөрүлүш маселеси проза жанрында да ар кандай деңгээлде, жазуучунун түшүнүгүнө, көз карашына, эң негизгиси ал окуяларды кабыл алуу өзгөчөлүгүнө жараша чагылдырылып келди. Тарыхый окуянын масштабына жана татаалдыгына байланыштуу кыргыз жазуучуларынын бул темага кайрылуусу жетимиш жылга созулган совет мезгилинин акырына чейин токтогон жок жана азыркы эгемендик учурунда да уланууда. Натыйжада кыргыз прозасында 1916-жылдагы үркүн темасына арналган чыгармалардын өзүнчө бир салаасы, катмары түзүлүп, ал улуттук көркөм адабиятта маанилүү орунга ээ болду.

16-жылдагы трагедиялуу тарыхый окуяларды чагылдырган андай чыгармалар ушул күнгө чейин адабият таануу илиминин назарынан караманча сырткары калып келди деп айтууга болбойт. Кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгынын түрдүү маселелерине арналган макала, илимий эмгек, монографияларда белгилүү деңгээлде көтөрүлүш окуясынын кыргыз адабиятында чагылдырылышы тууралуу ар кандай ой-пикирлер айтылган учурлар аз эмес.[1] Бирок, кыргыз адабият таануусунда көтөрүлүш темасында жазылган чыгармаларды атайын бир системага салып, татаал тарыхый окуянын чагылдырылышын жана көркөм-тарыхый аңдалышын кеңири жана терең талдап, маани-маңызын чечмелеп ачып көрсөткөн илимий эмгектер бүгүнкү күнгө чейин жарала элек. Ал эми сөз эркиндигине кеңири жол ачылган азыркы шартта мындай изилдөө адабият илими үчүн да актуалдуу болуп эсептелет.

---

[1] Караңыз макалаларда: Артыкбаев К. К. Касымалы Баялиновдун чыгармачылыгы тууралуу айрым ойлор // Ала-Тоо. – 1968. – №7; Ошонуку. Мукай Элебаевдин чыгармачылыгы жөнүндө // Ала-Тоо. – 1970 – №3; Асаналиев К. Улуттук тарых жана көркөм аңдоо // Кыргызстан маданияты. – 1992. – №18; Ошонуку. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр. Үчүнчү макала. Качанга чейин… // Адабий Алатоо. –2006. – №13; Кебекова Б. Касымалы Баялиновдун «Ажар» аңгемеси жөнүндө // Ученые записки фил. фак. – Вып.№7 – Ф.: Изд-во АН Кирг. ССР, 1961; Ибраимов О. Кызыл кыргын // Ала-Тоо. – 1991. – №7; Садыков А. Бир талаштын тарыхы // КМУнун жарчысы: адабият таануу. Серия 1. Чыг. 4. – Бишкек, КМУ, 2004.
Илимий адабияттар жана монографияларда: Артыкбаев К. Ар түрдүү издер. – Ф.: Мектеп, 1968; Ошонуку. Чыгармалар жана ойлор. – Ф.: Кыргызстан, 1974; Ошонуку. Аалы Токомбаев. – Б.: 2003; Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки. – Бөлүм 1. – Ф.: Илим, 1957, Ошонуку. Доор менен бирге. – Ф.: Кыргызстан, 1981, Ошонуку. Көркөм нарк. – Ф.: Кыргызстан,1988; Аскаров Т. Көркөм образдар дүйнөсүндө. – Ф.: Кыргызстан, 1967; Акматалиев А. Азыркы адабият: тарых жана мезгил. – Б.: 2007; Богданова М.И. Киргизская литература. – Ф.: Кыргызмамбас, 1947; Жигитов С. 20-жылдагы кыргыз адабияты. –Ф.: Илим, 1984; Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүү жолдору. – Ф.: Илим, 1967; Керимжанова Б.Кыргыз совет адабияты 25 жылда. – Ф.: Кыргызмамбас, 1951; Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – 2 томдук. – Т.1. – Ф.: Илим, 1987; Лайлиева И. Традиции русской классической и мировой литератур в киргизской прозе. – Ф.: Илим, 1988; Маленов Б. Мукай Элебаевдин чыгармачылыгы. – Ф.: Тил жана адабият инст., 1959; Мусаев А. Түгөлбай Сыдыкбеков: Адам тагдыры жана чыгармачылык тагдыр. – Б.: БГУ, 2002; Садыков А. Башаттар жана жаңычылдык. – Б.: КМУ, 1993; Үкүбаева Л. Адам дүйнөсү көркөм образда. – Б.: Илим, 1994; Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. – Ф.: Адабият, 1990; ж.б.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы**. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш окуяларынын чагылдырылышынын тарыхын жана эволюциясын изилдөө ишибиз адабият таануу илиминде алгачкы саамалыктардан болуп саналат. Иште улуттук адабиятыбыздын советтик доордо ачык айтууга мүмкүн болбогон барактары талдоого алынып, кыргыз прозасындагы 1916-жылдагы окуялардын тарыхый чындыгынын көркөм сүрөттөлүшү тууралуу ой-пикирлер жана көз караштар кайрадан каралды. Ошондой эле кыргыз прозасындагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн чагылдырылышы жана көркөм-тарыхый аңдалышы Орто Азия жана Казакстан адабиятындагы прозалык чыгармалар менен мүмкүнчүлүккө жараша салыштырмалуу планда каралып, тарыхчылардын ой-пикирлерине таянуу менен айрым жаңы маалыматтар, булактар пайдаланылып, жаңы тыянактарды чыгарууга аракеттер болду.

**Изилдөөнүн объектиси** катары С.Карачев, К.Баялинов, М.Элебаев, К.Маликов, А.Токомбаев, А.Убукеев, Э.Турсунов, К.Акматов, Т.Сыдыкбеков, Т.Касым-Бек ж.б. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү чагылдырган прозалык чыгармалары пайдаланылды. Булардан тышкары салыштыруу иретинде тектеш элдердин жазуучуларынын биздин темага байланышы бар адабий көркөм чыгармалары да кошо каралды.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин** улуу ойчул-теоретиктер, орус адабиятчылары – В.Г. Белинский, Н.Г. Чернышевский, М.Горький, М.М. Бахтин, М.С. Каган, А.И. Тимофеев, Б.Томашевский, Я.С.Лихачев, Б.И. Бурсов, В.Б. Шкловский, М.Б.Храпченко кыргыз адабиятчылары - К. Артыкбаев, К.Асаналиев, Т.Аскаров, А.Акматалиев, С.Байгазиев, К.Даутов, С.Жигитов, Б.Кебекова, Б.Керимжанова, Б.Маленов, А.Мусаев, А.Садыков, О.Сооронов, Ш.Үмөталиев, Л.Үкүбаева, А.Эркебаев, О.Ибраимов, И.Лайлиева, А.Жайнакова жана башкалардын илимий эмгектери түздү, ошондой эле М.Ауэзов, М.Каратаев сыяктуу казак окумуштууларынын эмгектери илимий таяныч катары диссертант тарабынан пайдаланылды.

**Эмгектин максаты жана милдеттери.**

1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн кыргыз прозасында чагылдырылышын ачып берүү максатын ишке ашырууда төмөндөгүдөй милдеттер алдыга коюлду:

-20-40-жылдардагы кыргыз прозасында 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш мезгилиндеги трагедиялык окуяларды чагылдырган чыгармалар көбүнчө автобиографиялуулук мүнөздө экендиги аныкталды. Ошондуктан 16-жылкы окуяны сүрөттөөдөгү историзм принцибинин сакталышын иликтөөгө алуу максат кылынды.

-улуттук тарыхтын чагылдырылышын жана көркөм аңдалышын изилдөө.

- тарыхый жана көркөм чындыктын карым-катышын аныктоо;



-эгемендик мезгилинде жаралган чыгармалардагы көркөмдүүлүк маселесине баа берип, алардын оң жана терс жактарын аныктоо.

-16-жыл окуясын чагылдырган чыгармалардын улуттук адабияттан алган ордун көрсөтүү.

**Коргоого коюлган негизги жоболор:**

1. 20-40-жылдарда жазылган чыгармалардын тарыхый-адабий мааниси.
2. Аталган мезгилдеги улуттук-боштондук көтөрүлүштүн маани-маңызы тууралуу тарых илиминдеги көз караш жана анын адабиятка тийгизген таасири.
3. Улуттук тарыхты көркөм аңдоо проблемасы.
4. 1916-жылды улуттук трагедия - кыргын катары түшүнүүгө негиз берген тарыхый кырдаал, көркөм адабиятта ошол тенденциянын чагылышы.
5. Постсоветтик мезгилде жаралган ошол темадагы чыгармалардын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, ийгиликтери жана кемчиликтери.
6. Тарыхый чындык, документалдуулук жана ойдон чыгарып кошуунун мыйзамченемдүүлүгү, жаралган көркөм типтердин турмуштук негиздүүлүгү.

**Иштин практикалык мааниси.**

Диссертациянын материалдарын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринде кыргыз адабиятынын тарыхы курсу боюнча өтүлүүчү лекцияларда, кыргыз адабиятынын жанрлар боюнча окутулуучу атайын курстарды өткөрүүдө жана ошондой эле орто мектептерде адабият сабагын окутууда, көркөм чыгармаларды өздөштүрүүгө, талдоого үйрөтүү ишинде пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Диссертациялык иш КР УИАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын Улуттук борборунун Проблемалык жана Окумуштуулар Кеңештеринде талкуудан өткөн. Диссертациянын негизги мазмуну мезгилдүү басма сөздөрдө жана илимий басылыштагы атайын жыйнактарда, китептерде макала түрүндө чагылдырылган. Мындан тышкары республикалык конференцияларда докладдар, илимий билдирүүлөр жасалган.

**Иштин структурасы.** Изилдөө иши кириш сөз, эки глава корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмегинен турат.

**Иштин негизги мазмуну**

Киришүүдө иш боюнча жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдуулугу, жаңылыгы иштин алдына койгон максат-милдеттери аныкталып, илимий-практикалык маанилери белгиленет.

Биринчи глава **«1916-жылдагы трагедиялуу окуялардын 1920-40-жылдардагы кыргыз прозасында чагылдырылышы»** деп аталат.

Бул главада 1920-40-жылдар аралыгында жазылган прозалык чыгармаларда 16-жылдагы окуялардын сүрөттөлүшү иликтөөгө алынат.

16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү кыргыз адабиятында кеңири чагылдырылган темалардын бири катары кароого толук негиз бар. Улуттук-боштондук көтөрүлүшкө кайрылган чыгармалар ошол кандуу окуянын изи менен кошо жаралып, бүгүнкү күнгө чейин ал тарыхый окуя тынымсыз көркөм иликтөөгө алынып келе жатышы кызыгууну жаратпай койбойт. Алсак, адегенде эле бул окуя акындар поэзиясында орун алган. Алар Ы.Шайбековдун „Кайран эл", „Азган эл", „Кайткан эл", Алдаш Молдонун „Үркүн", А.Жутакеевдин „16-жыл", „Качак турмуш" ырлары жана кийинчерээк табылган Тагай Эмиловдун „Ахвали-Кыргызия" ыры. 16-жыл темасына кайрылган мындай алгачкы адабий көркөм чыгармаларда элдик трагедия улут арманы, элдин кошогу иретинде ырдалган.

Ал эми кыргыз жазма адабиятынын пайда болушу менен 16-жыл маселеси негизги темалардын бири иретинде иштелип, айрыкча прозанын калыптанышынын алгачкы этабында жаңы менен эскинин кармашы, аялдар теңсиздиги, тап күрөшү өңдүү ошол мезгилдин күн тартибиндеги негизги темалар менен үн алышып, эриш-аркак чагылдырылганын көрүүгө болот. Буга С.Карачевдин "Эриксиз күндөрдө" (1928) повестиндеги айрым эпизоддор күбө.

„Эриксиз күндөрдөнүн" мазмунун аялдар теңсиздиги, алардын эркиндик, теңдик үчүн болгон күрөшү түзөт. Элдик көтөрүлүш повесттин акыркы главасында гана бир аз тийди-качты чагылдырылган. Бирок, буга карабастан повесттен автордун 16-жылдагы тарыхый окуяга карата жеке көз карашын көрүүгө болот.[1] С.Карачевдин түздөн-түз тарыхый факты-маалыматтардын негизинде болбосо да, өз баам-түшүнүгү аркылуу аркасында 16-жыл окуясынын чыгыш себебин, падыша аскерлеринин ырайымсыз баскынчылыгын, акырында кыргыздардын чет жерди көздөй качышын, жолдогу азап-тозогун, кызыл кыргын түшүшүн, бөтөн элдеги карыпчылыгын жалпы жонунан сүрөттөгөнү бул багытта изилдөө ишин жүргүзгөндөр үчүн кызыктуу факты катары кызмат кылат.

Кыргыз жазуучуларынын алгачкы мууну 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү өз көздөрү менен көрүп, анын азабы менен тозогун жеке тагдырлары аркылуу тартышкан. Бул жагдай алардын чыгармаларында 16-жылдын трагедиялуу окуяларын сүрөттөөдө автобиографиялык мүнөздүн басымдуулук кылышын шарттаган. Ошондой эле 20-40-жылдардагы бул темага кайрылган жазуучулар эл арасында үркүн окуялары тууралуу айтылган оозеки баяндарга өзгөчө маани беришкенин айта кетиш керек. Андай оозеки баяндар маселен,

[1] Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Бишкек: 2004. – 230-бет.



А.Токомбаев, М.Элебаев, К.Баялинов, Ж.Турусбеков, Т.Сыдыкбеков, К.Маликов, А.Токтомушев өңдүү бул темага кайрылган жазуучуларга негизги материал болуу менен бирге алардын көркөм ой-жүгүртүүсүнүн булагы катары да кызмат кылган. Дал ошол оозеки аңгемелер аркылуу алар өз түшүнүктөрүн байытып, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, бүдөмүк жана арсар ойлорун такташкан. Мунун негизинде 1916-жылдагы көтөрүлүшкө кайрылган чыгармалардын жаралышына оозеки баяндар түздөн-түз таасир берип, анын негизин түзүүгө омоктуу өбөлгө боло алган деп айтууга болот.

Касымалы Баялиновдун «Ажар» (1928) повести башкы каармандын аянычтуу тагдырын сүрөттөө аркылуу аталган теманы түздөн-түз чагылдырган алгачкы чыгарма.

Бул чыгарма жазылган мезгилде тарыхый окуяны көркөм чындык катары чагылдыруунун адабий тажрыйбасы түгүл, кыргыз адабиятында андай чыгарманын өзү да жарала элек кез болчу. Экинчиден, 16-жыл окуясынын тарыхый мааниси илимий негизде болсун, элдик түшүнүктө болсун толук ачылган эмес. Ошондой эле ал кезде кыргыз калемгери ал трагедиянын чыгыш себептеринин документтик негизи менен тааныш болбогону тарыхый окуянын кыргыз элинин турмушуна алып келген таасирине гана басым жасалышына алып келген. Башкача айтканда, 16-жылдагы окуяны өздөрү көргөн турмуш чындыгы аркылуу чагылдыруу менен гана чектелүү 20-40-жылдарга мүнөздүү көрүнүш болгон. «Ажар» повестине да ушул өңүттөн мамиле кылуу зарыл.

К.Баялиновдун «Ажар» повестин жазууда С.Сейфуллиндин «Айша»(1921) повестинен, М.Ауэзовдун «Коргосуздун күнү»(1921) аңгемесинен таасир алгандыгы тууралуу айрым адабиятчылар айтып жүрүшөт.[1] Бирок, ачык айтыш керек, «Ажар» өз алдынча көркөм чечилишке эгедер чыгарма. Алсак, «Айша» менен «Ажардагы» баш каармандардын тагдыр-турмушундагы айрым көрүнүштөрдүн окшоштугу, ал эмес кээ бир эпизоддук сүрөттөөлөрдүн бирдейлиги болгону менен казак жазуучусунун повестинде ошол мезгилдин идеологиясы басымдуулук кылса, ал эми «Ажарда» трагедиялуу болсо да адам эркиндиги, бакыт үчүн болгон күрөш орчундуу орун ээлейт.

Ырас адабиятчылар белгилеп жүрүшкөндөй «Ажарда» жеткилең иштелбеген эпизоддор, терең ачылбай калган каармандар, толуктоону,

[1] Караңыз: Акматалиев А. Ч.Айтматов жана кыргыз-казак адабий байланышы. – Ф.: Илим, 1981; Акматов Б. Кыргыз казак байланыштарынын жаңы доору (20-жылдар). – Б.: КМУ, 2000; Ошонуку. Кыргыз-казак байланыштарынын 30-жылдардагы көп түрдүүлүгү.-Б.: КМУ, 2000; Мусинов А. Казахско-киргизские литературные связи. – М.: Наука, 1974.

чыйралууну талап кылган учурлар сөзсүз бар[1]. Ошондой болсо да чыгарманын эмоциялык таасир-күчү андай жагдайларды артка сүрүп, окурмандын сезим-туйгусун козгойт. Повестте Ажардын тагдыры, жеке трагедиясы гана эмес, кыргыз элинин 1916-жылдагы оор трагедиясы айрым мүнөздүү деталдар аркылуу ачык-айрым чагылдырылышы чыгарманын көркөм баалуулугун арттырып, тарыхый маанисин жогорулатат.

1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн М.Элебаевдин «Узак жол»(1936) романында чагылдырылышы өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. М.Элебаев „Узак жолдо“ 1916-жылдагы орус колонизаторлоруна каршы күрөшкө чыккан түндүк кыргыздарынын жеңилүүгө учураганын, алардын кытай жеринде көргөн азап-тозогун баш каармандын жеке тагдыры аркылуу чагылдырган. 16-жылдагы кыйын кезеңди ачып берүү үчүн автор бир үй бүлөөнүн тагдыры аркылуу жалпы элдин турмушун, жашоосун көрсөткөн. Ушундан улам «Узак жолдо» көтөрүңкү пафос, ураанчыл мүнөз, укмуш окуялардан жаралган драмалуулук жок. Мазмундун ички мүнөз - маанайы турмуштун өзүндөгүдөй өнүгөт.

Жазуучу козголоңчу образдар катары көрүнгөн Урманбет, Байболот өңдүү каармандарына тарыхтын кийинки таасирлерин ыйгарбайт. Орус адамдары Башарын, почточу Метрей, Василий, Бабай абышка жөнүндөгү баяндоолордо да автор турмуш чындыгынан алыстабоого, аны дал өзүндөй көрсөтүүгө аракет кылат. Анын бири катары «Узак жолдогу» орус адамдарын идеализациялообо принцибин айтсак болот. Мындай мамиле урууучулук-феодалдык түзүлүштүн талоончулук, зордук-зомбулук иштерин сүрөттөгөн учурлардан да ачык байкалат. Жазуучу көтөрүлүштүн чыгышын турмуштун өз кыймыл-аракети аркылуу, жашоонун өз нугу менен сүрөттөп, элди эзген адамдарды жалпылама кургак жамандоолор менен аныктабай, алардын ким экендигин турмуштук көрүнүштөр аркылуу, жашоо – тиричиликтеги кагылыштардагы алардын орду боюнча берет[2].

«Узак жол» тарыхый, айрымдар белгилеп жүрүшкөндөй[3] мемуардык да чыгарма эмес. Ал автобиографиялык мүнөздөгү турмуштук роман[4]. Башкача айтканда, реалдуу адамдардын тагдыр-турмушунун негизинде көркөм чындыкты жараткан. Бурмаке, Урманбет, Мамирмазин, Чоңкол, Балакурман, Байзак, Байболот ж.б. турмушта болгон адамдар, алардын ар

[1] Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки. – Ф.: Илим, 1957; Артыкбаев К. Касымалы Баялиновдун чыгармачылыгы тууралуу айрым ойлор // Ала-Тоо. – 1968. – №7; Ошонуку. Ар түрдүү издер. – Ф.: Мектеп, 1968; Ошонуку. Чыгармалар жана ойлор. – Ф.: Кыргызстан, 1974; Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – 1-том. – Ф.: 1987; Садыков А. Бир талаштын тарыхы // КМУнун жарчысы: Адабият таануу. Серия 1. Чыг.4. – Бишкек: КМУ, 2004. – 55-б.; Түлөкабылов М. Касымалы Баялинов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1962; Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору. – Ф.: Илим, 1967.
[2] Караңыз: Маленов Б. Мукай Элебаевдин чыгармачылык жолу. – Ф.: Илим,1959.
[3] Богданова М.И. Киргизская литература. – М.:Советский писатель,1947.
[4] Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф.: Кыргызстан,1988.



биринин өз тагдыры, өз мүнөзү бар экенидиги дагы ырас. 1916-жылдагы тарыхый окуянын чыгышы, анын кызыл кыргынга алып келген жолу, элдин жашоо – тиричилиги, социалдык ал-абалы реалдуу турмуштук эпизоддор аркылуу, каармандардын тагдыры менен айкалышта сүрөттөлөт. Чындыгында эле мындай кырдаалдарсыз романда берилген турмуш чындыгын, анын тарыхый маанисин, каармандар жашаган мезгилдин жалпы атмосферасын, алардын мүнөзүн көз алдыга элестетүү мүмкүн эмес. Ушундан улам М.Элебаев тарыхый окуяны ошол боюнча гана бербестен анын эстетикалык маңызын көркөм ой жүгүртүүгө азык кылып бере алган деп айтууга болот.

1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн чындыгы «Узак жолдун» мазмунун түзгөндүгү жана ал бийик эстетикалык сапатта сүрөттөлгөндүгү менен чыгарма кыргыз адабиятындагы реалисттик көркөм сөз өнөрүнүн башатында турган роман катары изилдөөчүлөр тарабынан адилеттүү бааланып келет[1].

К.Баялиновдун «Ажар» повестине караганда «Узак жолдо» 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн чыгыш себеби, анын элге алып келген апааты, бөтөн жердеги кыргыздардын көргөн азапка толо турмушу тарых чындыгына жакын чагылдырылган. Айрым фактымаалыматтар, окуялар чыгармада турмуштан алынган чындык катары чагылдырылса да, анын тарыхый мааниге, тарых документтерине жакын тургандыгын белгилөөгө болот. Романдын мазмуну тарыхый чындыктын негизинде өнүккөндүгү ага реалисттик маани-мүнөз киргизген. Ошондой болсо да «Ажар» менен «Узак жолдо» 16-жылдагы окуянын тарыхый мүнөзү толук ачылбайт, анын бүт Кыргызстанды камтыган саясий жагдайына басым жасалбайт. Жалпы социалдык, таптык карама-каршылыктардын, турмуш-тиричиликтеги көрүнүштөрдүн өзүнө гана негизги көңүл бурулат. Ушул ыңгайдан караганда адабиятчы О.Ибраимовдун пикирине кошулууга болот. Ал мындай дейт: «Үркүндүн айрым элестери прозада, атап айтканда, «Ажар» менен «Узак жолдо» чагылдырылган. Белгилей кетчү нерсе, К. Баялинов менен М.Элебаев бул чыгармаларында он алтынчы жылкы кандуу каргашаларды сүрөттөп чыгууну, анын ар тараптуу панорамасын тартып, эбеп-себептерин териштирип берүүнү, андан кандайдыр бир саясий тыянактарды жасоону атайын максат кылышкан эмес. Алардын мындай максаттарды коюшка шаасы жетмек эмес, профессионалдык жана билим даярдыктары да кемчил эле»[2]. Анткени менен Мукай Элебаев «Узак жол» романында

[1] Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф.: Кыргызстан,1988; Ошонуку. Кыргыз прозасынын очерки. – Ф.: Илим, 1956; Маленов Б. Мукай Элебаевдин чыгармачылыгы. – Ф.: Илим,1959; Керимжанова Б. Кыргыз совет адабияты 25 жылда. – Ф.: 1951; Садыков А. Башаттар жана жаңычылдык. – Бишкек: КМУ, 1993; Лайлиева И. Традиции русской классической и мировой литератур в киргизской прозе. – Ф.: Илим, 1988; Артыкбаев К. Мукай Элебаевдин чыгармачылыгы жөнүндө // Ала-Тоо. – 1970. – №3; ж. б.
[2] Ибраимов О. Кызыл кыргын //Ала-тоо. – 1991. – №7.

жеке адамдын, 16-жылдын капсалаңына кабылган кыргыз элинин тагдырын тарыхый жактан нукура чындыктын негизинде сүрөттөө менен жаш прозабыздагы психологизм маселесин адабиятка алып келген, көркөм сөз маданиятынын мыкты үлгүсүн жарата алган.

Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук окуясына К.Маликов да «Азаматтар»(1936) повестинде кайрылган. Бирок, улуттук-боштондук күрөштүн түпкү максатын, тарыхый-саясий маанисин К.Маликов тарыхый чындыктын өзүнөн эмес, таптык көз караштын кагылышынан гана издеген. 30-жылдарда, кыргыз прозасы жаңыдан гана өнүгүү өрүшүнө бет алган кезде, 16-жыл темасына кайрылган жазуучулар дал ошол таптык көз карашка басым жасашкан. Кагылышуунун турмуштук себебин таптык мамиледен көрүшкөн. Мындай жолдон К.Маликов да четте калган эмес. Керек болсо ага «Азаматтардын» автору боёк үстүнө боек кошуп, турмуш чындыгына таптык көз караштын «чындыгын» кошкон учурлары да көп. Жазуучу каармандардын турмушу, тагдыры, жасаган иш-аракети аркылуу доордун тарыхый мазмунун, революциялык кайра куруу күрөшүнүн динамикасын көрсөтүүгө күч жумшаган эмес.

К.Маликовдун «Азаматтар» повести менен түркмөн жазуучусу Б.Кербабаевдин «Чечүүчү кадам»(1940) романынын сюжеттик курулушунда жакындык бар. Бирдей тарыхый шартта болуп өткөн окуяларды чагылдыруу – бул эки чыгармада таптакыр эки башка нукта, эки башка көркөм- эстетикалык сапатта ишке ашкандыгы көңүл бурдурат. «Чечүүчү кадамда» да таптык жиктелүү ачык көрүнөт. Бирок, айта кетүүчү нерсе, бул маселе романда мезгил чындыгынан, тарыхый ишенимдүүлүктөн жаралгандай таасир калтырат. Башкача айтканда, андагы каармандардын иш-аракети жомоктук ыкма, эпостук мотивдер аркылуу түзүлбөйт.

Карапайым элдин арасынан революционер каармандын образын табуу, аны жолбашчы даражасына жеткирүү максаты казак жазуучусу Илияс Жансүгүровдун «Жолдоштор» аттуу романынан айкын көрүнөт. Арийне, «Азаматтардагыдай» эле «Жолдошторду» да турмуш менен тарыхтын, адам менен мезгилдин көркөм концепциясы козголбой кала берген.

«Чечүүчү кадамда» да, «Азаматтарда» да, «Жолдоштордо» да баш каармандар тап жолунда жетилген, революциялык ишке каныккан образдар катары сыпатталат. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш өзүнүн мүнөзү боюнча падыша бийлигинин саясатына каршы чыккан. Улут эркиндиги, теңчилик маселеси козголгон. Ушул аракет кандуу кагылыш менен аяктаган. Андай кырдаалда элди туура жолго баштаган, эркиндике үндөгөн жетекчи керек болчу. 16-жылдын окуясы 17-жыл менен үндөшүп кеткен. Натыйжада көркөм адабиятта улуттук – боштондук көтөрүлүштү революциялык мааниси бар окуя катары кабыл алуу, анын жол башчыларын революционер катары көрсөтүү орун алган.

1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш темасы Орто Азия, Казакстан элдеринин адабиятында 20-30-жылдарда эле өтө курч коюлуп келген. Мурда-кийин М.Ауэзовдун «Түнкү дүбүрт», Б.Майлиндин «Жалбыр», Г.Мусрепов менен М. Байлиндин «Амангелди», И. Жансүгүровдун «Талаа» ж.б пьесалары, С. Мукановдун «Ботогөз», өзбек адабиятында Айбектин «Ыйык кан» романдары жарык көргөнү белгилүү. Айрыкча казак адабиятында бул кеңири изилденген, мүмкүн болушунча ар тараптан чагылдырылган темалардан болгон. Жогорудагы көркөм туундулардын арасынан 16-жылдагы казак элинин трагедиясын чыгармачылык эрдик менен сүрөттөгөн М.Ауэзовдун «Дүрбөлөң заман»(1928) романы өзүнүн көркөм-эстетикалык деңгээли боюнча жаңы ачылыш, жаңы бийиктик катары көрүнөт. Бул романга чейин казак адабиятында гана эмес, бүткүл Орто Азия адабиятында 16-жыл окуясы мынчалык курч, кеңири масштабда эч качан чагылдырылган эмес[1]. «Дүрбөлөң заманда» таптык карама-каршылыктан элдин тагдыры, улут кызыкчылыгы, жер маселеси жогору турары, башкача айтканда, улуттук идея, Мекен, жер, эл түшүнүгү алдыңкы планда көркөм чечмеленип көрсөтүлөт. Дегеле улуттук идея издөө, аны көркөм чыгарма аркылуу чечмелөө иши казак адабиятында калыптанган маселелерден эле. Себеби, Октябрь революциясына чейин эле казак акын-жазуучулары улут аң-сезимине таасир берер, Орусия мамлекетинин саясатынын отурукташтыруу маселелеринин түпкү максатын элге түшүндүрө жеткирген бир топ чыгармаларды жазышкан. Алсак, М.Дулатовдун «Ойгон казак!» (1909) ыр китеби, Хайридиндин «Жаш кумарым» (1912) өлөңдөрү, Г.Галымжановдун «Эсил журтум»(1912) өлөңдөрү, Албанчикаринин «Адабият өрнөгү» (1910), Б. Эржановдун «Тур, казак» (1911), С.Сейфуллиндин «Өткөн күндөр» (1914) ж.б. китептери падыша саясатына каршы жазылган чыгармалар катары жок кылынган. М. Ауэзовдун көркөм ой жүгүртүүсү дал ошондой улуттук-патриоттук кыртыштан тамыр алган да, ал толугу менен «Дүрбөлөң заман» романынан көрүнгөн.

Ал эми жаш кыргыз адабиятынын 30-жылдардагы көркөм тажрыйбасы, эстетикалык сабактары андай жаңы сөз жаратуу кудуретине жетише элек болчу. Экинчиден, авторлордун – С.Карачевдин, К.Баялиновдун, М.Элебаевдин, К.Маликовдун жеке турмуштук ой-сезими улуттук патриоттук ой сезимдин бийик деңгээлине көтөрүлө элек эле. Үчүнчүдөн, бийлик саясатына каршы туруу идеясын негизги сюжеттик өзөк катары чагылдырган адабий үлгү, көркөм чыгарма жарала

---

[1] Айтматов Ч. Предисловие к книге М.Ауэзова «Лихая година» // Нрвый мир. – 1972. – №6. – С. 18.

элек болгон. Ошондон улам К.Баялиновдун «Ажар», М.Элебаевдин «Узак жол» чыгармаларында 1916-жылдагы кыргыз элинин улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн тарыхый жана саясий негиздерине, улуттук маани-маңызына басым жасалбаган.

40-жылдары бул темага түздөн-түз кайрылган прозалык чыгармалар жазылган эмес. А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк»(1941), «Мезгил учат»(1947) повесттеринде жана «Биз балапан кездерде» очеркинде кыйыр түрүндө 16-жылдын окуясына катышкандардын андан кийинки тагдырлары чагылдырылат. Башкача айтканда, өткөн мезгил темасы Октябрь революциясынын алдындагы таптык карама-каршылыктан келип чыккан турмуш чындыгы катары көрсөтүлөт.

Жаңы турмуштун жаш адамынын образын жаратууда жазуучу анын ички дүйнөсүндөгү, психологиясындагы, аң-сезиминдеги өзгөрүштөрдүн эволюциясына токтолуу менен 1916-жылдын кесепети ага кандай таасир бергенин, ал мезгилдин каары адам тагдырына эмнелерди алып келгендигин реалдуу сүрөттөйт. Баса белгилей турган нерсе, А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат» повесттериндеги окуя, адам тагдыры улуттук-боштондук көтөрүлүштүн адам турмушуна алып келген кыйын кезеңинен чиеленишип чыгат. Ушул мааниден алганда бул повесттерде да кандуу окуянын адам тагдырына тийгизген таасирине басым жасалып, кыйын кезеңден кийинки турмуш сүрөттөлөт.

1920-40-жылдарын прозасында 16-жылдын трагедиялуу окуялары жазуучулардын жеке тагдырлары аркылуу турмуштук чындык катары таасын чагылдырылганын көрүүгө болот. Мындай чыгармалар жаш адабиятыбыздын калыптанышында, өнүгүшүндө, андагы психологизмдин, реализмдин алдыңкы салттары орун алышында айрыкча ролу чоң болду. Арийне, улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхый-саясий мааниси тууралуу көркөм ой жүгүртүүгө өз алдынча барган, ал окуяны улуттук проблема катары аң-сезимдүү чечмелөөгө көтөрүлө алган аракеттер бул мезгилде көрүнгөн жок. Ал окуянын саясий маанисине жалаң гана таптык көз караштa мамиле кылып, тарыхый чындыкка негизделбеген айрым чыгармалар улут адабиятында тарыхый да, адабий да мааниге ээ боло алган жок.

Ырас, 20-жылдардын аягында, 30-жылдарда адабий турмушубузда жаралган көркөм чыгармалардын арасынан 16-жыл темасын чагылдыруу маселеси кандайдыр бир турмуштук көрүнүштөрдүн алкагында жеке өмүр баяндык, көргөндөрдү эскерүү өңдүү прозалык чыгармалар менен гана чектелип калган жок. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхый маанисине басым жасоо аракети айрыкча поэзия, драматургия жанрынан көрүнө алгандыгын баса белгилеп өтүш керек. Буга А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар» (1935,1937) аттуу ыр менен жазылган романы, Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна» (1935) драмасы



толук мисал болуп бере алат. Эгер «Кандуу жылдар» романы 1916-жылкы көтөрүлүштүн энциклопедиясы[1], «баарыдан мурда тарыхый роман»[2] катары тарыхта калса, «Ажал ордунанын» жаңычылдык артыкчылыгы жалаң эле анын образдык сапатынан эмес, автордун тарыхый материалга жасаган позициясынан, мамилесинен да таасын сезилген»[3] классикалык чыгарма дешке толук негиз бар.

Иштин **«1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү жаңыча кароо аракеттери»** деп аталган экинчи главасы эки параграфтан турат.

Биринчи параграф **«1916-жыл 60-80-жылдардагы кыргыз адабиятында»** деп аталат.

Кыргыз адабиятындагы сан жагынан өсүш акырындык менен анын сапат жагынан өзгөрүшкө, жаңылануунун жаңы өнүгүшүнө, «сентенциядан, концепцияга, фактографиядан синтезге»[4] (К.Даутов) өтүүнүн жолуна алып келди. Көркөм сөз өнөрүнүн мындай сапаттык жеңиши жалпысынан алганда 60-жылдарга туура келди. Улут адабиятынын жаңы өнүгүш тилкеси проза жанрында да байкалбай койгон жок. Кыргыз прозасы бул мезгилде кургак окуялуулуктан, фактография менен натурализмдин туткунунан акырындап бошонуп, каармандын ички дүйнөсүн, көп кырдуу психологиясын жандуу сүрөттөөгө, андагы татаал кубулуштарды ачып берүүгө өттү. Натыйжада «идеялык дүйнөсү жана көркөм түзүлүшү боюнча болуп көрбөгөндөй татаал, стандартка сыйбаган чыгармалардын»[5] (А.Эркебаев) жаралышына шарт түзүлдү. Кара сөз жанрынын «ички формасында романдашуу»[6] (К.Асаналиев) жана кайра жаралуу мезгили 1916-жылдагы кыргыз элинин улуттук-боштондук темасын кайрадан адабиятка алып кирди.

Кыргыз адабиятында тарыхты тарыхый планда чагылдыруу проблемасы күн тартибиндеги маселе катары саналып, улуттук тарыхка карата көркөм аңдоо, философиялык, психологиялык жалпылоолор көркөм ой жүгүртүүнүн бири иретинде каралып жаткан кезде 16-жыл окуясына кайрылган А.Убукеевдин „Чыр-дөбө“(1964) романы жарык көрөт. Жазуучу 16-жылдагы кыргыз эли туш келген трагедияны уруулар арасындагы биримдиктин жоктугунан табууга аракет кылган. Арийне, автор тарыхый трагедиянын маани-маңызын жалаң гана социалдык турмуштан издеген. Ырас, үч уруктун турмушу, аракети аркылуу кыргыз элинин ал кездеги тарыхый психологиялык жашоо-шартын көргөзсө болот, бирок, ал турмуш фонунда, болгондо да турмуштун ички карама-

[1] Эсенкожоев К. Кандуу жылдар // Ленинчил жаш. – 1941. – 1-март.
[2] Артыкбаев К. Аалы Токомбаев (XX кылымдагы кыргыз жазма адабиятына негиз салуучунун чыгармачылык дүйнөсү жөнүндө). - Б.: 2003. – 198-б.
[3] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Илим, 1987. – 232-б.
[4] Даутов К. Жаңы чектерге. – Ф.: Кыргызстан, 1980. – 56-б.
[5] Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. – Ф.: Адабият, 1990. – 219-б.
[6] Асаналиев К. Доор менен бирге. – Ф.: Кыргызстан, 1981. – 55-б.

каршылыгында гана эмес, андан да тереңирээк башка өңүттөн каралышы керек эле. Негизги маселе орус падышасынын кыргыздарга жасаган мамилесинде, саясатында, мындан да ачыгыраак айтканда баскынчылыгында эле. Ошондуктан жазуучу өзүнүн идеясын ушул өңүттөн өңүктүрүп, анын тарыхый маанисин тарыхый окуянын өзүнөн чыгарышы зарыл болчу. „Чыр-дөбөдө“ элдик трагедиянын тарыхый мааниси улуттук тарых катары ачылган эмес. Мындай бөксөлүктү Э.Турсуновдун „Ата Журт“ (1979) романы белгилүү деңгээлде толтуруп турат дешке болот.

Адабиятчы К.Асаналиев „Ата Журт“ романын: „Баарынан маанилүүсү Э.Турсунов уруулук коомдун ички байланыштарын, татаал түйүндөрүн сүрөттөөдө эмпирикалык баяндоодон бир кыйла көтөрүлүп, кадимкидей жыйынтыктуу жалпылаштырууга, синтезге жетише алган.“[1]- деп баалаган.

„Ата Журттун“ автору оозеки жана жазма булактардын негизинде 16-жылдын тарыхынын өзүн, турмуштук чындыкты көркөм чыгармага айланткан, б.а. тарых чындыгын чагылдырууга чыгармачыл мамиле кылган. Э.Турсунов ошо кездеги кыргыздардын биримдиги жоктугун, уруучулук бөлүнүш саясатынын куру намыска негизделген психологиясын даана ачуучу кырдаалдар аркылуу бий-болуштардын, манаптардын көтөрүлүштөгү ролуна реалдуу мамиле жасай алган. Алар эзүүчү таптын өкүлү катары көндүм адабий салт боюнча дароо эле терс каарман катары сыпатталбайт. Кимдин ким экени окуянын жүрүшүнөн, сюжеттик өнүгүштүн өзү аркылуу аныкталат. Башкача айтканда, алдын-ала түзүлгөн автордук схемалык план жок. Батыркан, Жайыл, Досумбай, Сагымбайлардын иш-аракеттери турмуштагыдай карама-каршылыкта, тарыхый кырдаалдын өзүндөгүдөй татаал мүнөздө берилет. Алардын өз ара мамилелери, мүнөз-кыялдарынын камтылышы жалпысынан окуянын жүрүшүн башкарып кетет. Булардын ар биринин өзүнчө көз карашы, туруктуу турмуштук позициясы бар. Мунун өзү ошо кездеги кыргыздардын биримдиги жоктугун, уруучулук бөлүнүш саясатынын куру намыска негизделген психологиясын даана ачуучу драмалык кырдаалдар болуп саналат. Дал ушул улуттук психология, драмалык кырдаалдар 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн жеңилүүгө учурашын, элдик трагедияга туш келишин шарттаган. Романда тарыхый трагедиянын философиясы мына ушундайча чечмеленет.

Улуу орус жазуучусу Л.Толстойдун даңазалуу романы жөнүндө айтылуу адабиятчы Б.И. Бурсовдун мындай дегени бар: «Согуш жана тынчтык» орус элинин трагедиясынан кайра жаралып эрдикке, болгондо да бүткүл дүйнөлүк эрдикке жеткен жеңишинин тарыхы. Ал ошол орус

[1] Асаналиев К. Улуттук тарых жана көркөм андоо // Кыргызстан маданияты. – 1992. – №3. – 6-февраль.



элинин улуттук жана тарыхый эпопеясы.»[1] Эгер маселенин маңызы ушундай болсо бизде, 16-жыл темасына байланышкан проблема аягына чыга элек. Тарых трагедиясынын, улут трагедиясынын тарыхы чыныгы көркөм баянга толук тарыхый мааниси менен али да болсо айланып бүтө элек.

Жогоруда көрсөтүлгөн алгылыктуу сапаттарына карабай Э.Турсуновдун «Ата Журт» романында да 16-жылдагы көтөрүлүшкө таптык, интернационалдык маани киргизилип, бирок, андай кырдаалдын чыгышына тарыхый-психологиялык негиз түзүлбөй, анын себеп-шарты ынанымдуу туюнтулбай калган. Чыгармада орус адамдары же кыргыздарга жан тарткан жалаң үлгүлүү каармандар же тескерисинче алардын келишпес душманы катары башынан аягына дейре терс сүрөттөлүп берилген. Бул албетте,таптык жиктелүү саясатынын көркөм чыгармага тийгизген таасири эле.

Адабияттагы орус феномени жөнүндө адабиятчы К.Асаналиевдин мындай деп айтканы бар: «Орус феномени, бул кыргыздар үчүн жөн эле катардагы, кааласаң ачып, каалабасаң жаап койчу маселелерден эмес. Кеп биздин өткөн тарыхыбыз, тагдырыбыз ушул феноменге не бир татаал чиеленишкен түйүндөр менен түйүлгөнүндө гана эмес, маселенин маңызы эртеңки күнүбүз, келечегибиз да ушул тарыхый мейкиндик жана мезгил менен тыгыз байланышып жатканында»[2]. Эртеңки күн, келечек тагдыр жөнүндө сөз жүрүп жатат. Демек ал улуттук маселе менен тыгыз байланышы бар. Бул проблема жазуучу Казат Акматовдун «Мезгил» (1979) романында ачык-айкын чагылдырылды.

Романда драмалык мүнөзгө ээ болбогон баяндоолордо турмуш чындыгынын социалдык, тарыхый-психологиялык, нравалык жагына көркөм чабыт жасалат да, автордун тарыхый мезгилге, анын тарыхый маанисине өзгөчө мамилеси, ага болгон өз алдынча көз карашы билдирилет. Ушундай мамиленин натыйжасында эл тагдыры менен жеке адамдын тагдыры, жеке адамдын тагдыры менен тарых чындыгынын жашоо-турмуш ааламы ажырагыс байланышта логикалык жактан бир бүтүндүк катары көркөм текстке айланган.

«Мезгил» адамдын руханий дүйнөсүн сүрөттөөгө жана көркөм ой-жүгүртүү маданиятына байланыштуу кыргыз романынын өнүгүш процессиндеги өзүнчө бир жаңылык катары эсептелинет. 16-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштү көркөм иликтөөдө философиялык социалдык жалпылоолорго олуттуу басым жасап, бул тарыхый окуяга терең чечмелөөлөр менен аң-сезимдүү мамиле этүүдө бул роман башка чыгармалардан кескин айырмаланып, кыргыз прозасында биринчи жолу

[1] Бурсов Б.И. Лев Толстой: Идейные искания и творческий метод / 1847 – 1862. – М.: Советский писатель, 1960. – 59-б.
[2] Асаналиев К. Улуттук тарых жана көркөм андоо // Кыргызстан маданияты. – 1992. – №3. – 6-февраль.

катардагы орус адамын, ага мүнөздүү кемчиликтери жана артыкчылыктары, улуттук белгилери менен реалисттик маанайда сүрөттөлүшү жазуучунун табылгасы катары бааланган.[1]

Ырас, бул көркөм туунду кыргыз элинин 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүн, «орус феноменине» (К.Асаналиев) жаңыча мамиле кылуунун өз алдынчалыгы менен гана жаңычыл мүнөзгө эгедер эмес. Андагы башкы каармандардын образдары өз алдынчалуулугу, автордук «бийлик-көрсөтмөдөн» тышкары жашап, жазуучунун буйругусуз аракетте болушу, алардын тарыхый мезгилге болгон ой-санаа дүйнөсүндөгү улуттук ар-намыстын ойгонушу, адам психологиясынын татаалданышы аркылуу да роман кыйла утушка ээ болгон. Эң башкысы темага, адам турмушуна, тарых чындыгына болгон жаңыча мамиленин көркөм ой аркылуу берилиши романдын эстетикалык баалуулугун арттырган.

«Мезгил» романындагы турмуш чындыгына, адамга, адам тагдырына, мезгилге жана өткөнгө болгон автордук концепция, идея, логика мезгил менен адам трагедиясына алып келген. Ал эми трагедия – бул пессимистик тагдыр эмес. Ал – реализм, эсетикалык категория. Тарыхтын өзү адам тагдыры менен адам трагедиясынан түзүлөт. Демек, тарыхка трагедиясыз мамиле кылуу бир жактуулукту жаратат. К.Акматовдун «Мезгил» романындагы трагедия мына ушундай каардуу мезгилдин, тарых чындыгынын трагедиясы десек болот.

Мезгил өткөн сайын тарыхый окуялар менен тарыхый личносттордун көркөм адабиятта чагылышы ар тараптуу мамилеге ээ болууда. Белгилүү адабиятчы А.Акматалиевдин бул туурасында мындай деп айтканы бар: «Тарыхтагы оң же терс көрүнүштөрдү, бурмалоолорду бара-бара акырындап замандын «диктовкасына» ылайык оңдоп, түздөп, тактап койсо болчудай, ал эми көркөм чыгармалардагы образдардын тагдыры кыйла татаал, ал эгер автор тарабынан гана кайра иштелип, жазылып, редакцияланып чыкпаса, кандай болсо дал ошондой трактовкаланышы керек. Ошондуктан, көптөгөн тарыхый инсандардын образдары идеологиялык жактан «фильтрленип», «тазаланып» келгендиктен, жазуучунун көз карашын чыгарма жаралган коомдук-саясий мезгилден бөлүп кароого болбойт»[2]. Бул ойлорду улуттук-боштондук көтөрүлүш окуясын чагылдырууга аракет кылган же түздөн-түз чагылдырган жазуучуларыбыздын чыгармаларына карата айтсак да болот. К.Баялиновдун «Ажар», М.Элебаевдин «Узак жол», А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар», К.Маликовдун «Азаматтар», К.Акматовдун «Мезгил» ж.б. чыгармалары өз мезгилинде саясий

[1] Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. – Ф.: Адабият, 1990.
[2] Акматалиев А. Көркөм чыгарма жана тарыхый батыр инсандар. – Б.: Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору, 1990. – 7-8-б.б.



идеологиянын сурагынан өткөн, айрымдары пайдалануудан алынган, олуттуу оңдоолорго, учур талабына ылайык иштелген. Бул тарыхый чындык.

Улуттук адабиятыбыздын кайра жаралуу доорунун жетилүү мезгили болгон 70-80-жылдарда 1916-жылдын чыныгы тарыхый чыгармасынын жаралышы күтүлгөн. Бирок, ал кездеги саясий идеология андай эркин ой жүгүртүүгө, тарых чындыгынын дал өзүн чагылдырууга мүмкүндүк берген жок. Ушундай кырдаалдан улам 16-жыл окуясы нукура тарыхый чыгармага айлана албады. Ал мезгил көбүнчө кыйыр түрүндө, кайсыл бир чыгарманын кайсыл бир каарманынын өткөн турмушу же эскерүүсү сыпатында гана баяндалып келди. Мындай кырдаалды М.Бахтин эң туура айткан: „Автор өз мезгилинин, өз заманынын туткуну“.[1] Бирок, кандай туткун? Тарыхый чындыкка баш ийгенби же заман саясатына баш ийгенби? Бизде, кыязы, экинчиси болду окшойт. 16-жыл темасы адабият турмушунан эмес, анын активдүү кыймылынан кала берген кырдаал өкүм сүрүп турган мезгилде Т.Сыдыкбековдун „Жол“ (1982) романы жарык көрдү. Таанып-билүүчүлүк, ачыктык өңдүү алгылыктуу сапаттарга ээ болгону менен „Жол“ романынан эстетикалык жаңы сапат, ой жүгүртүүнүн масштабдуулугу, жеке адам менен элдик, эл менен турмуштун, турмуш менен коомдун диалектикалык байланышын аныктаган тарыхыйлык, философиялуулук көрүнгөн жок.

Романда 16-жыл окуясы тарыхый окуя катары, анын эл тагдырына алып келген трагедиясынын жөн-жайы, орус келгиндери менен жергиликтүү калктын ортосундагы карама-каршылыктар, падыша саясаты, анын түпкү мааниси өңдүү маселелерге эч кандай басым коюлбайт. Тарыхый мааниси терең окуялар өткөн өмүрдүн бир үзүмү иретинде гана берилет. Булар автордун жаш курагына, түшүнүгүнө, кабыл алуусуна жараша эсте калгандар катары эскерилет. Т.Сыдыкбеков отузунчу жылдарда жаңыдан калыптанып жаткан кыргыз совет адабиятынын автобиографиялык роман („Узак жол“) жанрынын традициясын улантуу менен бирге, аны жаңы сапаттык баскычка көтөргөн жазуучу катары мүнөздөлүшү керек эле. Алсак, «Жол» романы деле негизинен Үркүн окуясынан башталат. Бирок, эки чыгарманын ортосундагы принципиалдуу айырмачылык бар. Эгерде М.Элебаевдин романында Үркүн окуясы сюжеттик түзүлүштүн борборунда турса, Т.Сыдыкбековдун романында жөн эле 3-4 жашар баланын эсинде сакталып калган элес катарында баяндалат. Анткени, Үркүндү кеңири планда сүрөттөө жазуучунун максатына кирген эмес»[2].

[1] Бахтин М.М. Литературно-критические статьи. – М.: Художественная литература, 1986. – С.505.
[2] Мусаев А. Түгөлбай Сыдыкбеков: Адам тагдыры жана чыгармачылык тагдыр. – Б.: 2002. – 286-287-бб.

Ушул ыңгайдан караганда К.Баялиновдун «Ажар», М.Элебаевдин «Узак жол», К.Акматовдун «Мезгил», Э.Турсуновдун «Ата журт» чыгармаларынын адабий көркөм жана тарыхый чындыкты чагылдыруу сабагы 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн кыргыз элине алып келген трагедиясын, зордук – зомбулугун гана эмес, анын адамдарга Мекен деген, эл деген, баскынчылык, теңсиздик жана теңдик деген эмне экенин көркөм сөз күчү менен образдуу айтып бергендиги деп ачык айтууга болот. Патриоттуулукка жана гумандуулукка чакыруу идеясы аркылуу бул чыгармалар кандайдыр бир деңгээлде элдик мүнөз күткөндүгү белгилүү. Анткени алар элдин өзү көргөн тарыхый окуядан, трагедиядан алынган. Ал эми «Жолдо» маселе таптакыр башка нуктан каралган.

1916-жылдагы көтөрүлүштүн түздөн-түз өзүнө кайрылбаса да, анын тарыхый чындыгы, адам тагдырына тийгизген таасири көптөгөн чыгармаларда чагылдырылганын көрүүгө болот. Т.Сыдыкбековдун «Батыйна» («Зайыптар» трилогиясынын биринчи китеби) романы да ушундай көркөм туундулардын катарына кирет. Анын башкы темасы – революцияга чейинки кыргыз жашоосу, айрыкча кыз-келиндердин тагдыры, эркиндикти эңсеген, теңдик, бакыт издеген турмушу болуп саналат. Роман Батыйнанын гана өмүр жолу, тагдыр-турмушу жөнүндө эмес, анда баш каармандын заманы жана замандаштары, эски доор менен жаңы мезгилдин таасири, артыкчылыгы сүрөттөлөт.

Аталган мезгилде кыргыз прозасында 16-жылдагы окуяга кайрылган тарыхый чыгарма жазылган жок. Арийне, улуттук трагедиянын саясий-социалдык, нравалык маанисинин философиясын, психологиясын аң-сезимдүү ачууга кадыресе аракеттердин болгону белгилүү деңгээлде 60-80-жылдардын прозасында улуттук-боштондук көтөрүлүштүн көркөм чындыгын ачып берүүгө кызмат кылды.

II главанын **«Эгемендик мезгилиндеги 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн сүрөттөлүшү»** аттуу параграфында эгемендик жылдары жаралган тарыхый романдар жөнүндө сөз болот.

Кайра куруу жана жаңылануу мезгилинин коомдук турмушка тийгизген жагымдуу таасиринен улам 16-жыл темасы адабиятыбызда жаңыча өнүттөн, жаңыча ой жүгүртүүнүн негизинде изилденүүгө, чагылдырылууга тийиш эле.

Эгемендик мезгилинде Т.Касым-Бек 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү тарыхый планда сүрөттөгөн «Кыргын» (2004) романын жазды. Бул романга чейин жазуучу «Баскын» (2000) аттуу романын жарыкка чыгарган эле. Анда автор Кыргызстандын түндүгү орус империясынын оторлоо баскынына дуушар болгон мезгилди чагылдырат. „Баскындагы“ кыргыз жергесинде оторлоо саясатынын көздөгөн максаттары, алардын иш жүзүнө ашырылышындагы иш-



аракеттер жөнүндөгү автордук ой-тыянактар барып-келип жазуучунун кийинки романында көрсөтүлө турган тарыхый окуялардын түпкү себептеринин маанисин ачып берүүгө кызмат кылат. Романда советтик тарыхтан орун алган «өз ыктыяры менен кошулуу» деген жасалма саясат, түшүнүк толугу менен төгүндөлүп, турмуш реалдуулугу өзүнүн чындыгы менен сүрөттөлөт. „Баскындагы“ тарыхый кырдаал „Кыргында“ улантылат. Буларда мурдагы романдарында орун алып келген Байтик, Шабдан өңдүү каармандардын өмүрүнүн акыркы жылдары, б.а. кыргын болордун алдындагы өкүнүчкө толгон өмүрү сүрөттөлөт. Бирок, „Кыргында“ жеке адамдын трагедиясы элдик трагедия катары романдык көркөм-эстетикалык күч-кубатка, масштабдуулукка, эпикалуулукка өсүп жеткен эмес. Романда окуя-эпизоддорго, тарыхый маалыматтарга, документ-фактыларга көбүрөөк басым жасалат. Натыйжада чыгармачылык эркиндиктин мүмкүнчүлүгү чыгармачылык кумардын чыныгы булагы катары толук пайдаланылбай калган.

Тарыхый документ өз алдынча турганда эч качан көркөм чыгарманын милдет-ордун аткара албайт. Ал маалыматтык касиетке гана эгедер. Ошондуктан ал качан гана ойдон жаратылган көркөм чындык менен ажырагыс абалда болгон кезде гана эстетикалык бир бүтүндүккө ээ болот. Анткени андай көркөм ширелиштин натыйжасында жаралган чыгарманын кайсынысы тарых да, кайсынысы көркөм ой жүгүртүү экенин ажыратууга мүмкүн болбой калат. Мындай ойду тарыхый чыгарманын жаралыш табиятын изилдеген В.В.Шербина[1], С.М.Петров[2], Б.И.Бурсов[3], М.Б. Храпченко[4], Л.И.Тимофеев[5], В.Петелин[6] ж.б. айтышканы белгилүү. Ушул ыңгайдан алып караганда «Кыргын» романында колдонулган архив документтери көркөм чыгарманын организминен сырт калган.

Бүгүнкү күндө 16-жылдагы көтөрүлүштүн мүнөзү, чыгуу себептери жана тыянагы тууралуу тарыхчылар тарабынан ар түрдүү пикирлер айтылып келүүдө[7]. Т.Касым-Бек «Кыргында» тарыхый маалыматтардагы бир жактуу пикирлерге жетеленип калганын айтпай коюга болбойт. Жазуучу орус падышачылык бийликтин баскынчылык саясатынын жексур жүзүн ашкерелөөнү алдыңкы планга алып чыгат да, бөөдө кырылууга дуушар болгон элдин тагдырынын аянычтуу картинасын көрсөтүүгө басым жасап, көтөрүлүшкө чыккан элдин активдүү иш-

---

[1] Шербина В. В. А.Н.Толстой: Творческий путь. – М.: Художественная литература, 1956.
[2] Петров С.М. Советский исторический роман. – М.: Знание, 1958.
[3] Бурсов Б.И. Л.Толстой. Идейные искания и творческий метод. 1847 – 1862. – М.: Советский писатель, 1960.
[4] Храпченко М.Б. Л.Толстой – как художник. М: Художественная литература, 1979.
[5] Тимофеев Л.И. По воле истории. – М.: Художественная литература, 1979.
[6] Петелин В. Судьба художника: Очерк жизни и творчества А.Н. Толстого. – М.: Воениздат, 1979.
[7] 1916-жылдагы көтөрүлүштүн 90 жылдыгына карата илимий конференциянын материалдары // Кыргызстан тарыхынын маселелери. – Бишкек: 2006. – №3.

ачууга, б.а. улуттук тарыхты көркөм аңдоого аракет кылган жазуучулардын чыгармалары жаралды.

- эгемендик алган мезгилде жарык көргөн романдарда 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн чыгыш себебинин, өнүгүшүнүн, кызыл кыргынга учурашынын тарыхый философиясын көрсөтүүгө аракеттер жасалып, бирок, тарыхый фактылардын жыштыгы көркөм ой жүгүртүүнүн эркин болушуна чектөө коюп, жазуучулук чыгармачылык мүмкүнчүлүк толук пайдаланылбай калган.

- мурда ачык айтууга мүмкүн болбогон тарыхый факты-документтердин негизинде эркин көркөм ой жүгүртүүгө жол ачылганы менен эгемендик мезгилинде жазылган тарыхый чыгармаларда улуттук трагедия көркөм-эстетикалык күч-кубатка, масштабдуулукка, эпикалуулукка өсүп жеткен жок.

- формалдык жактан 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш проза жанрында автобиографиялык, мемуардык, окуяга катышкан адамдын аңгемеси, көркөм баяндоо жана башка жолдор менен чагылдырылып келди.

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү публикацияларында чагылдырылган:**


1. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү адабий процессте жаңыча кароо проблемасы (К.Акматовдун „Мезгил“ романынын мисалында) // Жыйнакта: Азыркы кыргыз адабиятындагы айрым проблемалар. – Бишкек: Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору, 2001. – 151 – 159-бб.

2. Ажардын трагедиясы – 1916-жылдагы элдик трагедия // Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек: МОК, 2005. – №3. – 88 – 90-бб.

3. Көркөм чыгарма жана тарыхый чындык // Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек: МОК, 2005. – №3. – 179 – 182-бб.

4. Автобиографиялык чыгармалар жана аларда тарыхый чындыктын чагылдырылышы // Известия вузов. – Бишкек: МОК, 2005. – №5. – 208 – 213-бб.

5. 16-жыл маселеси: Таптык көз караш, историзм принциби жана улуттук аң сезим // Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына. – Сер. филологическая. – Бишкек: КНУ, 2004. – Вып. 3. – 124 – 127- бб.

6. М.Ауэзовдун „Дүрбөлөң заман“ романы – 1916-жылдагы элдик трагедия тууралуу улуттук эпос // Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына. – Сер. филологическая. – Бишкек: КНУ, 2004. – Вып.3. – 120 – 124 - бб.

## SUMMARY

**Gulzada Myktybekovna Stanalieva's thesis for a scientific degree of Candidate of Philological Science on theme "National-liberation movement of 1916 th in the Kyrghyz prose " on speciality 10.01.01 - the Kyrgyz literature**

**Keywords:** people's liberation movement, 1916th year , the Kyrgyz prose, art thoughts, historical national tragedy, autobiographical, vital truth, literary truth, creative skill, facts and documentations, historical theme, genocide, movement.

In the scientific reseach work investigated the history and evolution of national-liberation revolt of 1916 description.

In the first chapter of the scientific reseach work " Reflection of tragical events of 1916 in the Kyrgyz prose during the 1920-40th years " considered the description of the features in the works, written at 20-40 years, in which truth was created by the national-liberation revolt of 1916.

In the second chapter of the scientific reseach work "Attempts of new thoughts of national-liberation movement of 1916th" considered, literary thoughts of national history analyzed in the works, written at 60-70th years and during Kyrgyzstan's independence years.

On the basis of the research work made following conclusions: in the first prosaic works the historical tragedy of 1916 was described through destiny of the separate person fate by significant documentary accuracy, some writers considered these events only from the point of view of class-consciousness.

During 1970-80th years, writers have started create works aimed to give open philosophy, psychology of social, moral sense of historical national tragedy in Kyrgyz prose.

And also in the historical works, written during the independence period, the national tragedy has not obtained an art-aesthetic force, scale and epicality.

Формат 60x84 1/16. Печать офсетная.
Объем 1,5п.л. Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии Ч.П. «Эверест»
г. Бишкек, ул. Жантошева 101 Б.